**ДОКУМЕНТТИН САКТОО МӨӨНӨТҮН КАНТИП, КАЙДАН БИЛҮҮГӨ БОЛОТ?**

3-бетте

Ош облустук коомдук-саясый гезити

www.oj.kg

# Ош жаңырыгы

ГЕЗИТ 1938-ЖЫЛЫ 14-ОКТЯБРЫНДА НЕГИЗДЕЛГЕН: "КЫРГЫЗСТАН БОЛЬШЕВИГИ", "ЛЕНИН ЖОЛУ"

№1 [16959] ИШЕМБИ, 18/01/2025

## МЕКЕМЕ-ИШКАНАЛАРДЫН ЖЕТЕКЧИЛЕРИНИН КАТЫШУУСУНДА ЖЫЙЫН ӨТТҮ



2-бетте

## УЛУУ ТАЛАНТ УНУТУЛБАЙТ



3-бетте

## Инвестиция тартылып, ийгиликтерге жетишилди



4-бетте

Кыргыз Республикасынын Айыл чарба министрлиги Коомчулукту өнүктүрүү жана инвестициялоо агенттиги (АРИС) Агробизнестин атаандаштыкка жарактуулуук борбору (ААЖБ) Натыйжалуу өнөктөштүккө катышууга чакырат

6-бетте

## Кыргыз жери Манасы, Чыңгызы менен керемет



5-бетте

Ош облустук коомдук-саясый гезити
Ош жаңырыгы

УЮШТУРУУЧУ:
Кыргыз Республикасынын Маданият, маалымат, спорт жана жаштар саясаты министрлиги

**Башкы редактор:**
КАРАКОЗУЕВ
Асанбек Курманбекович

**Жооптуу катчы:**
Канымжан
Кыдыралиева

**Нөөмөтчү**
Т. Абдыразаков

Гезит редакциянын компьютердик комплексинде терилип, жасалгаланды. "Принт Мастер" ЖЧКсынын басмаканасында басылды.
Бишкек шаары, Анкара көчөсү 1г
Көлөмү А3 - 2 басма табак
Тел: 0 (312) 53-00-00

**Буюртма №: 43**
**Нускасы: 1600**

**Реквизиттер:**
Р/эсеп: 4407011102006594
Бик: 440701, КР ФМ Борбордук казынасы
ИНН: 02401202310360
ОКПО: 31708371, Ош шаары МСКБ 032

**Дареги:** 723500, Ош шаары, Курманжан датка көчөсү, 209-үй.

Жарыяланган макалалар редакциянын толук көз карашын билдирбейт.
Жарыя-жарнамалардын текстине редакция жооп бербейт.
Кол жазмалар кайтарылбайт.

**Байланыш:**
Кабылдама: 7–13–34
Жооптуу катчы: 7–10–02
Жарнак бөлүмү: 7–11–31
E-mail: oshjan@mail.ru

Гезитибиздин сайтына жогорудагы QR-код аркылуу кириңиз.

Гезитибиздин келе жаткан жаңы сандарына жазылууга жана жарнама кызматы үчүн жогорудагы QR-кодду колдонуңуз.
Терең урматтоо менен,
"Ош жаңырыгы" гезитинин редакциясы!

# Б. ТӨРӨБАЕВ ОШТО III ЭЛДИК КУРУЛТАЙДЫН ДЕЛЕГАТТАРЫ МЕНЕН ЖОЛУГУШУУДА



Жакында КР Министрлер Кабинетинин Төрагасынын орун басары-Суу ресурстары, айыл чарба жана кайра иштетүү өнөр жайы министри Бакыт Төрөбаев Ош облусуна бол-гон иш сапарынын алкагында жети райондон III Элдик курултайга барып, айыл чарба маселелери боюнча кайрылган делегаттар менен жолугушууларды өткөрдү.

Иш-чарага Президенттин Ош облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлүнүн биринчи орун басары Курбанбек Айтибаев, райондун акимдери, айыл өкмөт башчылары, Суу ресурстары, айыл чарба жана кайра иштетүү өнөр жайы министрлигинин райондордогу түзүмдүк бөлүмдөрүнүн жетекчилери менен курултайдын делегаттары катышты.

Жолугушуу учурунда суу каналдарын куруу, ирригация системаларын орнотуу, таза суу менен камсыздоо, ветеринария, кайра иштетүү өнөр жайы жана продукцияны сатуу сыяктуу маселелер талкууланды.

Отурумдун жүрүшүндө көтөрүлгөн көйгөйлөрдү тез арада чечүү боюнча иштер жүрүп жатканы белгиленип, тиешелүү мамлекеттик органдарга жеринде тапшырмалар берилип, конкреттүү чечимдер кабыл алынды.

# Мамлекеттик жана муниципалдык мекеме-ишканалардын жетекчилеринин катышуусунда жыйын өттү



3-январь күнү УКМКнын Ош шаары жана Ош облусу боюнча башкармалыгында мамлекеттик жана муниципалдык мекеме-ишканалардын жетекчилеринин катышуусунда жыйын болуп өттү.

Жыйынга Президенттин Ош облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлүнүн биринчи орун басары Курбанбек Айтибаев, УКМКнын Ош шаары жана Ош облусу боюнча башкармалыгынын башчысы Даниель Рысалиев, Ош шаарынын мэри Бакытбек Жетигенов, күч түзүмдөрүнүн жана укук коргоо ор-гандарынын жетекчилери катышты.

Жыйындын жүрүшүндө катышуучуларга Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексиндеги айрым мыйзам актыларына кирген өзгөртүүлөр жөнүндө маалымат берилип, анын ичинде коррупцияга каршы күрөшүү, жазалардын катаалдашы тууралуу сөз болду.

Анда маалым болгондой, эми коррупцияга шектелген мамлекеттик кызматкерге мамлекеттик органдарда иштөөгө өмүр бою тыюу салынат. Өзгөртүүлөр коррупционерлердин туугандарына да тиешелүү болот: аларды мамлекеттик кызматка алууга болбойт. УКМК белгилегендей, эгер шектүү күнөөнү мойнуна алып, келтирилген зыянды кайтарып берсе да, ал жазадан кача албайт, башкача айтканда, ал максималдуу жазанын жарымын абакта өтөшү керек болот.

Ошондой эле жыйында УКМКнын Ош шаары жана Ош облусу боюнча башкармалыгы тарабынан 2024-жылы коррупцияга каршы жүргүзүлгөн иш-аракеттер тууралуу видео тасма көрсөтүлүп, жемкорлукка шектелип кармалгандар жана башка аткарылган иштер боюнча маалымат берилди.

Соңунда жыйынга катышкан жетекчилерге коррупциядан алыс болуп, таза иштөө боюнча эскертүү берилип, алардан бул маалыматты кол алдындагы кызматкерлерине жеткирүү өтүнүчү айтылды.

Белгилей кетсек, өлкө башчы Садыр Жапаров "Коррупцияга каршы аракеттенүү чөйрөсүндөгү КР айрым мыйзам актыларына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө" мыйзамга кол коюп, документ 1-январда күчүнө кирген.

# Жарандардын көйгөйлөрү чечилет




Жакында КР Президентинин Ош облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлүнүн биринчи орун басары Курбанбек Айтибаев бөлүм башчылар менен биргеликте Ош облусунун ар кай-сы райондорунан келген жарандарды кабыл алды.

Жолугушууда тургундар өздөрүнүн көйгөйлөрүн айтып, суроолоруна жооп алышты. Анда жарандар тарабынан жер тилке муктаждыгы, турак жай, материалдык жардам алуу сыяктуу бир катар социалдык маанилүү маселелер айтылды.

Өкүлдүн орун басары жарандар тарабынан айтылган ар бир көйгөй боюнча жооп берип, ага кошо айыл өкмөт, акимдер менен түз байланышып, тапшырма берип, айтылган маселелерди чечүүгө чакырды.

**Даярдаган:**
**К.Кыдыралиева.**

# Финансылык сабаттуулук маанилүү

Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын ( КРУБ) Ош облустук башкармалыгында жолугушуу өткөрүлүп, финансылык сабаттуулук боюнча иш- аракеттерде салым кошкон тараптарга ыраазычылык билдирилип, белектер тапшырылды. Иш -чарага аталган башкармалыктын башчысынын орун басары Бермет Момбекова, акча жүгүртүү бөлүмүнүн башкы адиси Эрмек Исманов, жогорку окуу жайларынын өкүлдөрү, башка тараптар жана массалык маалымат каражаттарынын өкүлөрү катышышты. Учурда КРУБнын Ош облустук башкармалыгын Акмал Мукадамович Раззаков ийгиликтүү жетектөөдө.




Иш -чарада КР Улуттук банкынын Ош облусук башкармалыгын башчысынын орун басары Бермет Момбекова калктын финансылык сабаттуулугун арттыруу, мамлекеттин акча кредит саясаты жана КР Улуттук банкынын бул багыттардагы аракеттеринин жүзөгө ашырылышына салым кошкондук үчүн келген өкүлдөргө ыраазычылык айтты. Ошондой эле белектерди тапшырып, мындан ары да калктын финансылык сабаттуулугун арттыруу, агартуу иш аракеттерине салым кошуу багытындагы ийгиликтүү иштери арымдай беришин каалады.

Белгилей кетсек, финансылык сабаттуулук – бул адамдын акчага байланыштуу ойлонулган жана жүйөлүү чечим кабыл алуу, кирешелерине жана чыгашаларына эсеп жүргүзүү, аларды туура колдоно билүү, өз келечегин узак жылдарга пландоо жана финансылык жоготууларга даяр болуу жөндөмдүүлүгү болуп саналат. Андыктан Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы тарабынан жарандарга мамлекетибиздин улуттук валютасы, акча кредит саясаты, кредит алуудагы коопсуздук жана башка маанилүү багыттар боюнча масссалык маалымат каражаттары аркылуу маалыматтар жеткирилип турат. Ошондой эле мектеп окуучуларына, студенттерге тиешелүү таркатма материалдар берилип, интерактивдүү оюндар колдонулуп, лекциялар окулат.

Лекцияга катышуучулар финансылык сабаттуулуктун негиздери, маалыматтык-билим берүү компаниялары жана Улуттук банктын калктын финансылык сабаттуулугун жогорулатуу боюнча ишмердүүлүгү менен таанышышат. Ошондой эле кыргыз сомунун тарыхы, нак акчаны жасалма акчадан кантип айырмалап билүү тууралуу да кеңештер берилет.

Кыргыз Республикасынын банкноттору- сомду сактоо жана ага аярлык менен мамиле жасоо, калкка ыңгайлуу болгон мобилдик тиркемелер жана алардын түрлөрү, аларды туура пайдалануу, коллекциялык монеталарды сатып алууга, аларды сактоо жана алмаштыруу, эскирген улуттук банкнотторду алмаштыруу жолдору жана башка учурлар боюнча да калайык-калкка маалыматтар жеткирилет. Ошондой эле коллекциялык монаталар, өлчөнгөн алтын куймалары, аффинаждалган алтын куймалары жана башка тиешелүү жагдайлар тууралуу да маалыматтар калк арасына жайылтылат.

**Сүрөттөдө: жолугушуудан көрүнүштөр.**

**К.Кыдыралиева.**



**Архив кызматынын усулдук жардамы**

# ДОКУМЕНТТИН САКТОО МӨӨНӨТҮН КАНТИП, КАЙДАН БИЛҮҮГӨ БОЛОТ?

Ош шаардык мамлекеттик архивинде сактоодо турган документтердин баалуулугуна экспертиза жүргүзүү, мекемелерди тактап топтоо булагына киргизүү, баалуу документтерди белгиленген тартипте иреттеп топтоо жана архивди туруктуу сакталуучу документтер менен толуктоо жүргүзүлүп жатат. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 03.03.2020-жылдагы № 120, 18.03.2014-жылдагы № 160 токтомунун аткарылышы көзөмөлгө алынып, топтоо булагына кирген мекеме-уюмдардын тизмеси такталып, алар үчүн тиешелүү окуу-семинарлар, усулдук жардамдар уюштурулуп келатат, -дейт Ош шаардык мамлекеттик архивинин башчысынын орун басары Мырзабек Маткасымов.





Ош шаардык мамлекеттик архиви шаардагы мекеме- ишканалар менен тыгыз байланыш жүргүзүп турган мекеме. Себеби менчигинин түрүнө карабастан, ар бир мекеме- ишканада иш процессинде пайда болгон документтер бар. Ал документтердин арасынан туруктуу сакталуучу документтери ведомстволук архивинде 5 жыл сакталгандан кийин мамлекеттик сактоого өткөрүлүп берилет б.а. шаардык архивге сактоого өткөрүлүп берилет. Ошол себептен шаардык архивдин мекемелер менен иштөө бөлүмүнүн кызматкерлери тарабынан пландуу түрдө мекеме- ишканаларга барып, документтеринин, ведомстволук архивинин абалын карап, текшерип, методикалык жардам берилет.

"Документтердин сактоо мөөнөтүн кантип, кайдан билүүгө болот?"-деген суроо болушу мүмүн. Ар бир документтин сактоо мөөнөтү ар башка болот. Сактоо мөөнөтү "Сактоо мөөнөттөрүн көрсөтүү менен мамлекеттик жана мамлекеттик эмес уюмдардын ишинде түзүлүүчү типтүү башкаруу архив документтеринин тизмесинен" алынат. Сактоо мөөнөттөрүн көрсөтүү менен мамлекеттик жана мамлекеттик эмес уюмдардын ишинде түзүлүүчү типтүү башкаруу архив документтеринин тизмеси иши жана электрондук башкаруу жаатындагы Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык түзүлгөн.

"Бул тизме Кыргыз Республикасынын Улуттук архив фондунун курамын сактоо, уюштуруу жана сапаттуу толуктоо максатын көздөйт жана көктөмөлөрдү түзүүдө, номенклатураларды иштеп чыгууда, ошондой эле мамлекеттик архивдердин эксперттик-текшерүү усулдук комиссияларынын жана уюмдардын борбордук эксперттик комиссияларынын жана эксперттик комиссияларынын иш практикасында, көктөмөлөрдүн сактоо мөөнөттөрүн аныктоодо жана мамлекеттик сактоого же жок кылууга иргөөдө негизги чемдик документ болуп саналып, документтердин баалуулугун экспертизалоо жана мамлекеттик архивдерди толуктоо боюнча колдонмолорду иштеп чыгууда колдонулат.



Сактоо мөөнөттөрүн көрсөтүү менен мамлекеттик жана мамлекеттик эмес уюмдардын ишинде түзүлүүчү типтүү башкаруу архив документтеринин тизмеси Кыргыз Республикасынын Санариптик өнүктүрүү министрлигинин 10.09.2024-жылдын №3-д буйругу менен бекитилген. Ош шаардык мамлекеттик архиви тарабынан топтоо булагы болуп саналган мекеме- уюмдарга бул багытта кенен маалымат берилди.

**А.МАТИЕВА.**

# Инвестиция тартылып, ийгиликтерге жетишилди

*Өткөн жылды мыкты жыйынтыкташкан Мады айыл өкмөтүндөгү жетишилген ийгиликтер жөнүндө сөз кылмакчыбыз.*

*Учурда Кара-Суу райондундагы Мады айыл өкмөтүн Алимбеков Нурзаман Каарыевич жетектейт. Көп жылдан бери эмгектенгендердин катарына Боронов Сабыр Топчуевич- айыл өкмөт башчысынын орун басары, Мырзабаев Мукаш Абдибаетевич- ФЭБ башчысы, Шаданов Абдирашит Абдисаламович- башкы адис ж. б. кызматкерлер эмгектенишет. Кара-Суу районундагы Мады айыл өкмөтүнүн бекитилген бюджети 2024-жылга 73 млн 658 миң 700 сом. Анын 2024-жылдын 12 айына карата өндүрүлгөнү 78 млн 232 миң 850 сомду түздү.*



### Өндүрүш тармагында

Мады айыл өкмөтүнүн аймагында бүгүнкү күндө 3 өнөр жай ишканалары иштеп, өздөрүнүн чыгарган товарларын ички жана сырткы базарга чыгарып сатып жатышат. Алар: "Улан-Чи" ЖЧКсы, ишканада 60-80ге чейин жумушчу иштейт. Өндүрүштүк кубаттуулугу айына 2млн 100 мин даана кирпич чыгарат. Тийиштүү социалдык жана салык төлөмдөрүн өз убагында төлөп жатышат. Ишкана Кызыл-Тал айылында жайгашкан.

"Ала-Тоо-Амир" улуттук суусундуктарды чыгаруучу ЖЧКсы 2023-жылы жеке ишкер Төрөбеков Жоодар тарабынан түптөлгөн. Социализм айылында жайгашкан.Учурда үзүрлүү иштеп жатат. Ишканада 12 жумушчу иштеп, улуттук суусундуктарды чыгарат. Өндүрүштүк кубаттуулугу айына 30-35 тоннага чейин суусундуктар чыгарылат.

"Оомат" тигүү цехи 2023-жылы жеке ишкер Чегиров Алымбек Бурканбекович тарабынан түптөлдү, Асан-Чек айылында жайгашкан. Ишкананы курууга 300 миң америка доллары ишкердин жеке каражатынын эсебинен жумшалган. Азыркы учурда тигүү цехинде 23 тигүүчү иштеп жатат. Ишкана айына 5-6 миң даана улуттук кийимдерди чыгарат. Чыгарган кийимдерди өлкөбүздүн базарларында сатат жана кошуна Казак Республикасына, Россия Федерациясына чыгарат. Ал эми төртүнчү Кызыл-Тал айылындагы кургак курулуш материалдарын чыгаруучу ишканасы август айынын аягында ачылды. Бул ишкана жеке ишкер Кочкорбаев Жоомарт тарабынан Казак Республикасынын ТОО " Премикс-Про" жана Кыргыз Республикасынын "Прем-Агат" ЖЧКсы менен биргеликте түптөлдү. Ишкананын жалпы сметалык баасы 400 миң америка долларын түзөт. Өндүрүштүк кубаттуулугу суткасына 15-20 тонна.

### Инвестиция

Үлүштүк дем берүүчү грантка 3 долбоор өттү, алар:

1.Каарман айылындагы Б.Азизов орто мектебине от жагуучу жай куруу жана от казандарын жаңысына алмаштыруу, жалпы суммасы-4 млн 571миң 900 сом анын ичинен дем берүүчү гранттан -1млн 995 миң 147 сом, жергиликтүү бюджеттен 2 млн 576 миң 800 сом каралды. От жагуучу жайды ондоо боюнча тендер өткөрүлүп, "Пром-Строй" ЖЧКсы женүүчү болуп табылып, учурда , бөлүнгөн каражаттын жалпы суммасы 5 млн 500 миң 545 сом. Ал эми жергиликтүү бюджеттен 1 млн 170 миң сом каралган. Учурда тендер өткөрүлүп, "Вольво-Логистик" ЖЧКсы женүүчү болуп табылып, жолдор асфальтанып бүттү.

- Лаглан айылына таза суу чыгарууга аталган фондтон 1 млн 640 миң сом, ал эми элдин салымы 1 млн сом каралган. Учурда



курулуш иштери толугу менен бүткөрүлүп колдонууга берилди.

2. Асан-Чек айылындагы Интернацинал орто мектебинин чатырын алмаштырууга дем берүүчү гранттан - 2 млн 226 миң 108 сом, жергиликтүү бюджеттен 868 миң 703 сом каралды. Интернационал орто мектебинин чатырын алмаштыруу боюнча тендер өткөрүлүп, "Дан-Эмир-Строй" ЖЧКсы женүүчү болуп табылып, учурда курулуш иштери толук бүттү.

3. Асан-Чек айылындагы Эрбол спорт сарайын капиталдык ондоодон өткөзүүгө дем берүүчү гранттан -2 млн 101миң 200 сом, жергиликтүү бюджеттен 815 миң 781 сом каралды. Спорт сарайын капиталдык ондоодон өткөзүү боюнча тендер өткөрүлүп, "Пром-Строй" ЖЧКсы женүүчү болуп табылды, курулуш иштери толугу менен бүткөрүлдү.

### Долбоорлор ишке ашты

-Кыргыз-Чек айылындагы Асанов Эсен жана Салиев Мамасабыр атындагы көчөлөргө асфальт төшөө узундугу 800 м

таза суу түтүктөрү орнотулуп, пайдаланууга берилди.

-Курманжан Датка атындагы орто мектебинин терезелерин алмаштырууга аталган фондтун эсебинен 2 млн 885 миң сом , жергиликтүү бюджеттен 708 миң сом жумшалып, учурда терезелер коюлуп бүттү.

-Курманжан Датка ооруканасына "Яма-Беккари" чункурун куруу үчүн жергиликтүү бюджеттен 78 миң, фонддун эсебинен 320 миң сом бөлүнүп, курулма курулуп пайдаланууга берилди.

### Ош облусттук өнүктүрүү фонду тарабынан каржыланган долбоорлор:

Каарман айылындагы Б.Азизов атындагы мектебинин жылытуу системасын алмаштырууга жергиликтүү бюджеттен 270 миң , Ош облустук өнүктүрүү фондунун эсебинен 1млн 100 миң сом каржыланып, жылытуу системасы толугу менен жаңыланып колдонууга берилди.

Айылдарды таза суу менен камсыздоодо жергиликтүү бюджеттен жумшалган каражаттар:

-Октябрь айылына 600 метр полиэтилен суу түтүгү, диаметри 40 мм, жалпы суммасы 28 миң 800 сом.

-Учкун айылына 500 метр полиэтилен суу түтүгү, диаметри 40 мм, жалпы суммасы 24 миң сом.

-Кызыл-Тал айылына 600 метр полиэтилен суу түтүгү, диаметри 63 мм, жалпы суммасы 58 миң 400 сом

- Каарман айылына 220 метр полиэтилен суу түтүгү, диаметри 110 мм, жалпы суммасы 55 миң сом. Жогорудагы иштерге айыл өкмөтүнүн бюджетинен жалпы 166 миң 200 сом жумшалды.

### "Ассафа" кайрымдуулук фонду тарабынан айылдарды таза суу менен камсыздады

- Каарман айылына 3300 метр полиэтилен суу түтүгү, диаметри 110 мм

-Асан-Чек айылынын Сатыбай Каратаев көчөсүнө 1000 метр полиэтилен суу түтүгү, диаметри 90 мм,

-Кыргыз-Чек айылынын Таш-Жол участкасына көчөсүнө 3700 метр полиэтилен суу түтүгү, диаметри 63 мм,

-Ушул эле айылдын Курманжан Датка ооруканасына суу түтүгүн тартуу үчүн 3500 метр полиэтилен суу түтүгү, диаметри 63 мм.

Жалпысынан айтканда 11500 метр полиэтилен суу түтүктөрү орнотулду.

-Кызыл-Тал, Жоош, Учкун жана Каарман айылынын сайдын Учкун тарабындагы бөлүгүн таза суу менен үзгүлтүксүз камсыз кылуу максатында Кызыл-Тал айылындагы корукка алынган суу алуучу жайга скважина курулду. Жалпы суммасы -800 миң сом.

### Республикалык бюджеттин эсебинен аткарылган жумуштар:

Каарман айылындагы "Бекмурза" көчөсүн асфальттоо, узундугу -1066 метр

-Учкун айылындагы Аккозу Табалдиев көчөсү узундугу -630 метр

-Жоош айылындагы Жороев Омарали көчөсү,узунлугу -720 метр

-Октябрь айылындагы Төрөев Курманбек көчөсү узундугу- 1050 метр,

Биримдик жана М.Бердиев көчөлөрү узундугу -1000 метр

-Чагыр айылындагы Үркүнбай Маймылов көчөсү узундугу- 750 метр

-Достук айылындагы Топчу Боронов көчөсү узундугу -1050 метр

-Мады айылындагы Ниязов көчөсү узундугу -1000 метр

-Социализм айылындагы Жапар Умоталиев көчөсү узундугу -1170 метр.

Жалпысынан 8436 метр ички жолдор асфальтанып, 68 млн сом жумшалды.

2024-жыл ичинде жалпы тартылган инвестициянын көлөмү-148 млн 951 миң сомду түздү.

### Мыйзамсыз курулуштар боюнча

Кыргыз Республикасынын " Жер-укуктук мамилелерди жөнгө салуу жөнүндөгү" мыйзамына ылайык айыл өкмөтүнүн жетекчилиги тарабынан бир топ алгылыктуу иштер аткарылды. Мыйзамсыз курулган курулуштарын мыйзамдаштырып берүүнү суранып жалпы 158 тургун арыз менен кайрылган. Алардын 103нө мамлекеттик АКТлар алынып берилди. 15 тургундун документтери мамлекеттик АКТ алууга даярдалып өткөрүлдү. 10 тургундун документтери АГЗ алууга өткөрүлдү. 12 тургундун документтери комиссиянын кароосунан өттү. Ал эми 18 тургундун арызы экинчи этап менен карала турган болду.

2004-жылы Алай районунун Будалык айыл өкмөтүнүн Кайнама айылынан жер көчкүнүн кесепетинен жабыркаган 64 үй-бүлө көчүп келип Кызыл-Тал айылында үй салышып жашап жатышат. Ушул тургундардын көпчүлүгүнүн үйлөрүнүн документтери жок. Кыргыз Республикасынын " Жер-укуктук мамилелерди жөнгө салуу жөнүндөгү" мыйзамына ылайык бул тургундардын 23нүн үйүн мыйзамдаштырууга райондук комиссиянын чечиминин негизинде токтомдорду чыгарып беришкен. 20 тургун сотко кайрылып соттун чечимине ылайык үйлөрүн мыйзамдаштырып алышты. 10 тургунга алардын жакындары көчкүнүн кесепетинен каза болуп калгандыгына байланыштуу, тоголок жетим катарында жардам берилип 2004-жылы документтештирилип берилген. 11 турак үйдүн ээлери алмашып кеткендигине байланыштуу документтери бүтпөй калган, учурда тактоо иштери жүрүп жатат.

### Милдеттүү камсыздандыруу багытында

Кыргыз Республикасынын 2015-жылдын 31-июлундагы "Өрттөн жана табигый кырсыктардан турак-жайларды милдеттүү камсыздандыруу жөнүндөгү" № 209 мыйзамынын талаптарына ылайык 2024-жылдын 12 айынын жыйынтыгы менен 1551 турак жай камсыздала турган болсо, 1811 тургун өздөрүнүн турак-жайларын камсыздандыруудан өткөзүшүп, белгиленген план 35% аткарылды.

**Б. Ысакова.**

# Кыргыз жери Манасы, Чыңгызы менен керемет

*Биздин мектептин планетардык жазуучунун ысмы берилип калгандыгынын өз тарыхы, таржымалы бар. Райондогу көпчүлүк мектептер мурдагы аттарын өзгөртүп жаткан кез болчу. Биздин мектеп мурда Нариманов деп аталчу. Бир күнү педагогикалык жамаат мектепке Чыңгыз Айтматовдун ысмын берүү демилгесин ортого салды. Биз Чыңгыз Айтматовго кат жолдодук. Чыңгыз Төрөкуловичтен «Нариманов да советтик саясий коомдук ишмер, ал адамдын руху капа болуп калбас бекен, жергиликтүү жашоочулар кандай карап жатат? –деген жооп келди. Кийинки жумада ата-энелердин жалпы чогулушу болмок. Аларга педагогикалык жамааттын сунушун ортого салдык. Эч ким каршы болгон жок. Баары макул болду. Чогулуштун токтому чыкты. Аны Чыңгыз агабызга жөнөтүп, макулдугун берүүсүн сурандык. Чыңгыз Төрөкулович макулдугун берди. Айылдык Кеңештин да чечими чыкты.*



Ошол жылдан тартып, биздин мектепте жазуучунун өмүр баянына, чыгармаларына кызыгуу арта баштады. Анын туулган күнүнө карата «Айтматовдук окуу күнүн» өткөрүү адатка айланды. Мактангандай болбойлу, биздин окуучулардын жасаган аракетине башкалар да кызыга баштаышты. Республикадагы улуу жазуучунун ысмын алып жүргөн мектептердин асссоциясынын мүчөсү катары биздин мектеп да жазуучунун чыгармаларына арналган ар кандай иш-чараларга активдүү катыша баштадык. Уюштуруучулар Талас облусундагы Кара-Буура районундагы Шекер айылына чакырышты.

Бизди Төрөкул Айтматов орто мектебинин окуучулары, айыл адамдары, Чыңгыз Айтматовдун иниси академик Ильгиз Айтматов баш болгон чоң топ абдан жылуу тосуп алды.

«Он уккандан бир көргөн» демекчи, көз менен көргөн таптакыр башкача таасир калтырат тура. Биздин окуучулар Төрөкул Айтматов атындагы орто мектепте уюштурулган чакан музейдеги кызыктуу материалдар менен жакындан таанышып, жазуучу чоңойгон Шекер айылын кыдырып чыгышты. «Биринчи мугалим» чыгармасындагы Дүйшөн салган дөңсөөгө салынган мектептин ордун, «Бетме-бет» повестинин каармаңы Ысмайыл жашынган үңкүрдү көрүп келишти.

Жолугушуу учурунда окууучулар бири-бири менен пикир алышып, жазуучунун өмүр баяны, чыгармалары, анын өзгөчөлүгү тууралуу пикир алышышты.

Алгачкы сөздү алган шекерлик окуучулар Чыңгыз Айтматовдун чыгармаларындагы Танабай, Сейде, Дүйшөн, Эдигей, Казангап, Арсен ж.б. биздин арабызда эле, анчейин балким билинбей жүргөн каармандар экендигине токтолошуп, бирок адам баласы сынала турган учурга келгенде алар абийир, намыс жана бийик адамдык касиеттерин көрсөтүп, адам деген улуу атты бийик туткан инсандар болуп чыга келишет. Чыңгыз Айтматов улуу сүрөткер катары көпчүлүк баамдай билбеген жагдайда жөнөкөй адамдагы улуу сапаттарды таба билгендигин белгилеп өтүштү. Анын чыгармалары 150 өлкөдө 100 миллиондон ашык нуска менен жарык көргөндүгү, окумдуулугу боюнча дүйнөдө У.Шекспирден, Лев Толстойдон кийинки үчүнчү орунга чыккандыгы бекеринен эмес.

Чыңгыз Айтматовдун чыгармаларындагы жомок тууралуу сөз болгондо анын реалдуу турмуш үзөңгүлөш экендигин ачып берүүгө аракет кылышты. Алсак, «Ак кемедеги» Бугу эне жомогунан башталып, Найман-эне, «Жетөө жана бирөө» грузин легендасы менен уланып, акыркы «Сардал кызга» чейин улам жаңы баян толуктап, коштоп, параллелдүүлүк өркүндөп жүрүп отурат. Жомок менен реалдуу турмуш үзөңгүлөш жүрөт, айрыкча «Кылым карытар бир күн» чыгармасындагы Понтий Пилатка байланышкан окуялар же болбосо Чыңгызхандын ак булуту. Уламыш, баян, же притча бу чыныгы жашоонун балалык, аруу кези. Ошондогу эле каармандар бүгүнкү жашообузда биз менен бирге жүрүшөт. Жомок жаралгандан бери не бир кылымдар өттү, не деген цивилизациялар өзгөрүп, не деген технологиялар революция болду.

«А бирок, адамгерчилик революциясы боло элек. Тескерисинче артка кеткен жокпузбу? деген көйгөйлүү суроо менен аякташты.

Биздин мектептин окуучулары Шекерге абдан даярданып барышкан болчу.

Алар чыгармалары 176 тилге которулган Чыңгыз Айтматовдун Кыргыз эл жазуучусу (1968), Токтогул атындагы мамлекеттик сыйлыктын лауреаты болгондугун (1979), КРУИАсынын анык мүчөсү (1974). Социалисттик Эмгектин Баатыры (1978), Ленинндик (1963) жана СССР мамлекеттик сыйлыгынын лауреаты (1968, 1977, 1983) экендигин, Джавахарлал Нехру (Индия, 1985), Бүткүл дүйнөлүк Илим жана искусство академиясынын академиги (Стокгольм, 1987), Япониядагы Чыгыш Философия Институтунун академиги (1988) болгондугун, ага Австрия, Австралия, Америка, Индия, Италия, Түркия, Япония ж. б. өлкөлөрдүн эл аралык сыйлыктары, Кыргыз Республикасынын Эл баатыры (1997) наамы ыйгарылгандыгын сыймыктануу менен айтып беришип, Шекер айылынын жашоочуларынын алкоосуна ээ болушту.

Талдоо жүргүзүү учурунда Кыргызстандын сыймыктуу уулу Чыңгыз Айтматовдун чыгармаларынын географиялык чексиздигине, анын планетардык масштабга жетишкен өзгөчөлүгүнө токтолдук. Ал Таластын ушул биз көргөн Шекер айылынан башталып, Кыргызстандын тоо-ташын аралап өтүп, казактын улуу талаасын Сары-Өзөктү аралап, Орусиянын унутта калган түндүк элдеринде Охот деңизинде, Москвада Кремлде, Германиянын шаары Гейдельбергде, океандын үстүндө, аягы келип космоско чейин улангандыгын айтуу менен, Азиянын тоо-талаалары менен Европанын шаарлары кошо камтылгандыгын белгилеп өттүк. Окуя бирде арабада өтсө, бирде поездде, бирде самолетто өтөт. Адамдан адамзатка, Бугу-Энеден Иисус Хростоско, Шекспирден Космоско чейинки аралыкты камтып тургандыгына токтолдук.

Андан кийин өзгөчөлүк - Чыңгыз Айтматовдун айкөлдүгү тууралуу болду. Лениндик сыйлыктын ээси, Социалисттик Эмгектин Баатыры наамына ээ болгон аты дүйнөгө таанымал Чыңгыз Айтматов аты көп билинбеген жазуучулар менен авторлош (мисалы, жапон философу Дайсаку Икэда, казак драматургу Калтай Мухамеджанов, казак акыны Мухтар Шаханов) болуп, анын натыйжасында алардын да ысымдарын дүйнө окурмандарына кеңири тарады. Бул Чыңгыз Айтматовдун айкөл мүнөзү. Ал эми «Деңиз бойлой жорткон ала дөбөт» чыгармасын эң аз сандагы нивх элинин али көпчүлүк тааный элек жазуучусу Владимир Сангиге арнагандыгы менен жыйынтыкталды.



Окутуу өзбек тилинде жүргүзүлгөн мектептин окуучуларынын Чыңгыз Айтматовдун өмүр-баянындагы кызыктуу маалыматтарды баяндап, чыгармаларына берген талдоолоруна ыраазы болгон көрүүчүлөр чын дилден кол чаап турушту.

Кыргыздын жери керемет, тоосу керемет, суусу керемет. Манасы, Чыңгызы менен керемет. Дүйнөнүн алп жазуучусу Чыңгыз Айтматов биздин мекендешибиз болуп атпайбы. Бу не деген сыймык!

**Авазбек Хожибуваев,**
**Кара-Суу районундагы Манас айыл өкмөтүнүн Чыңгыз Айтматов атындагы орто мектептин директору.**

# Эл достугу кымбат

*Кара-Суу районундагы Манас айыл өкмөтүнүн аймагында жайгашкан №81-ВЛКСМ орто мектебинде көп жылдан бери директор болуп иштеп келе жаткан Алимжанов Дилшадды айылдаштары агартуучулардын династиясын улантып келе жаткан үй-бүлө деп урматтоо менен мамиле жасашат. Анткени, Дилшад агайдын атасы Алимжанов Абиджан ушул айылдан чыккан белгилүү агартуучу. Ал Ленин колхозундагы Луначаркий атындагы орто мектепте көп жыл директор болуп иштеп жүрүп, ардактуу эс алууга чыккан адам. Абиджан агайдын жу-байы Махидилхан апа да мугалим болгон.*

Дилшад агайдын өмүрлүк жары Мамечаева Муазалхан эжеке башталгыч класстардын мугалими. Мугалимдик кесипти Дилшад агайдын иниси Дилмурод, уулу Айбек, келиндери Зулхумар,



Мамира да аркалап келе жатат. Агайдын үй-бүлөсү өздөрүнүн адамгерчиги менен башкаларга үлгү. Бул үй-бүлөнүн башка улуттагы адамдар менен карым-катыштары, байланыштары бар.

Азыркы учурда мектепте 1467 окуучу окуйт. Коңшу турган Тажик –Кыштак айылынан каттап окуган 260 окуучу бар. Окутуу үч тилде: өзбек, кыргыз жана орус тилинде жүргүзүлөт. Мектепте ата-энелер менен иштөө жакшы жолго коюлган. Аларга 78 мугалим билим берип жатат. Ар кайсыл улуттан турган педагогикалык жамаат ынтымактуу. Алардын арасында Ош шаарынан, Нурдар айылынан келгендери да бар. Башталгыч класстардан



сабак берген Эркинбеков Жазгүл аттуу мугалимдин жолдошу айылдын четинде жайгашкан чек ара заставасында кызмат кылган аскер адамы.

Билген, түшүнгөн адамга мектеп мечит сыяктуу ыйык жай. Мектепке кирген адам дароо башкача сезимге кабылат эмеспи. Балдардын байё сезимине, ыйык дүйнөсүнө туш болосуң. Алимжановдордун династиясы мына ушундай миңдеген балдарга билим берип, өз Ата Мекени- Кыргызстанды сүйүүгө, эл достугун бекем сактоого тарбия берип келет. Алардын тарбиясы текке кеткен жок. Мектептин нечендеген бүтүрүүчүлөрү эл кызматын аркалап келет. Окуучулары алар ды көргөн жеринен жылуу салам беришет. Эл достугу кымбат экендигин агайынан үлгү алышат. Ата Мекенибиз Кыргызстандын гүлдөп өсүп-өсүшүшүнө салым кошкусу келишет. Анткени, Кыргызстан биз үчүн эч нерсеге алмаштыргыс ыйык журт. Бар бол, Кыргызстан!

**Дилярам Мирабдуллаева,**
**окуу бөлүмүнүн башчысы.**

**Кыргыз Республикасынын Айыл чарба министрлиги Коомчулукту өнүктүрүү жана инвестициялоо агенттиги (АРИС) Агробизнестин атаандаштыкка жарактуулуук борбору (ААЖБ)**

# Натыйжалуу өнөктөштүккө катышууга чакыруу

**Агробизнестин атаандаштыкка жарактуулуук борбору (ААЖБ) Кошумча нарк удаалаштыгын (КНУ) өнүктүрүү боюнча Натыйжалуу өнөктөштүк түзүүнүн алкагында лидердин ролуна талапкерлерди тандоо сынагына катышууга чакырат.**

Арыздарды кабыл алуунун башталышы: 2025-жылдын 17 – январь (саат 10:00 баштап).

Арыздарды кабыл алуунун бүтүшү: 2025-жылдын 16 - февраль (саат 17:00 чейин).

Долбоор жана 2-компонент жөнүндө жалпы маалымат (Натыйжалуу өнөктөштүк).

Дүйнөлүк банктын "Экономикадагы региондук өнүгүү" долбоору (ЭРӨД). Долбоордун өнүктүрүү максаты - Ош облусунун тандалган секторлорунда максаттуу көмөктөшүү жолу менен Алуучуга региондун экономикалык өнүгүүсүнө жардамдашууну көздөйт.

ЭРӨД 2 компонентинин алкагында кошумча нарк удаалаштыгын күчтөндүрүү боюнча иш-чаралар каралган, бул долбоордун ичиндеги чакан долбоорлордун максаттык инвестициялары каржылоо үчүн айыл чарба ишканалары менен чакан айыл чарбалык өндүрүшчүлөрдүн ортосунда өнөктөштүк мамилелерди жакшыртууга шарт түзөт жана анын натыйжасында өндүрүштүн/кайра иштетүүнүн сапаты жакшырат жана көлөмү көбөйөт.

Долбоор сатуу учурундагы суроо-талаптын негизинде кошумча нарк удаалаштыгын өнүктүрүү ыкмасын пайдалануу менен натыйжалуу өнөктөштүк мамилелердин өнүгүшүнө өбөлгө түзөт. Натыйжалуу өнөктөштүк кошумча нарктын бир эле удаалаштыгында өндүрүшчүлөрдүн бир нече тобун - анын ичинде фермерлерди, жыйноочуларды, кайра иштетүүчүлөрдү, сатуучуларды жана экспортёрлорду камтыйт. Ар бир өнөктөштүк алкактык макулдашуу менен жөнгө салынат жана өндүрүүчүлөрдүн алдыңкы тобу жана сатып алуучу/агрегатор же кайра иштетүүчү ишкана жана башка тийиштүү катышуучулар тарабынан кол коюлат.

ЭРӨДдүн алкагында Ош облусунун мал чарба жана дыйканчылык тармактарындагы баардык кошумча нарк ырааттарына атаандаштыкка жана экспортко чыгууга шарт түзүүчү тандалган багыттар боюнча анализдин жыйынтыгына жараша колдоо көрсөтүлөт.

## КНУнун артыкчылыктуу багыттары:

- Сүт продукциясы (сүт – уйдун сүтү),
- Эт жана эт продукциясы (бодо мал, майда мал, топоз),
- Картошка,
- Алма,
- Чие,
- Бал
- Пахта,



- Өзгөн күрүчү,
- Балыкчылык,
- Май (софлор, пахта май),
- Жашылчалар (ачык жана жабык кыртышта),
- Канаттуулар.

## Максаттуу инвестициялоонун негизги багыттары:

1. Түшүмдүүлүгү далилденген жана башка жакшы сапаттары бар сорттор.
2. Жаңы жабдуулар (технологиялык жабдуу, ошондой эле тракторлор), анын ичинде өндүрүү жана кайра иштетүү, оруп-жыйнагандан кийинки иштетүү, сактоо жана тейлөө, лаборатория (анын ичинде ташуучу жана атайын машиналар жана жабдуулар), упаковка жана сорттоо, сапатын контролдоо, продукциянын сапатын жогорулатуу жана көлөмүн көбөйтүү үчүн техникалык линияларды жабдуу;
3. Колдо болгон (эски) жабдууларды технологиялык жактан жаңыртуу үчүн жабдуулар;
4. Азык-түлүк продуктуларынын менеджмент системасын киргизүү, анын ичинде баардык этаптарын киргизүү (окутуп үйрөтүү, системаларды киргизүү (HACCP, ISO, органикалык өндүрүш, алдыңкы практиканын баардык түрлөрү, башка тийиштүү техникалык жардам ж.б.);
5. Жергиликтүү сертификаттарды жана эл аралык уюмдарда бекитилген эл аралык сертификаттарды алуу;
6. Маркетинг жана брендинг боюнча кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алуу (анын ичинде товардык белгини жана продуктунун (ошондой эле упаковканын) дизайнын иштеп чыгуу ж.б.;
7. Өндүрүүчүлөр үчүн техникалык жардам жана окутуу, сапатты камсыздоо, зыянкечтерге каршы күрөшүү жана тамак-аш продуктуларынын коопсуздугун жакшыртуу боюнча башка кызмат көрсөтүүлөр.

## Инвестициялоонун эң жогорку өлчөмдөрү:

Бир айыл чарбалык өндүрүүчүгө – 2 000 000 (эки миллион) сом суммага чейинки товарлар.

Андан тышкары, айыл чарбалык өндүрүүчүлөр өз салымдарын да кошууга тийиш, ага булар кириши мүмкүн: жумушчу күчкө чыгымдар, айыл чарба товарларын ташууга/жеткирүүгө байланышкан баардык чыгымдар.

Айыл чарбалык кооперативдер, фермердик чарбалар, үрөн чарбалары жана асыл тукум чарбалары үчүн 20 000 000 (жыйырма миллион) сом суммага чейинки товарлар;

Айыл чарбалык кооперативдер,



фермердик чарбалар, үрөн чарбалары жана асыл тукум чарбалары өздөрүнүн салымдарын кошуусу керек, ага жумушчу күчкө чыгымдар, айыл чарба товарларын ташууга/жеткирүүгө, упаковкалоого, сатууга байланышкан баардык чыгымдар кириши мүмкүн.

Тамак-аш жана кайра иштетүү өнөр жайынын ишканалары, агро-соода-логистика борборлору жана айыл чарбалык товарларды берүүчү жана кызмат көрсөтүүчү ишканалар үчүн 35 000 000 (отуз беш миллион) сом суммага чейинки товарлар.

Тамак-аш жана кайра иштетүү ишканалары, агро-соода-логистика борборлору, айыл чарбалык товарларды берүүчү жана кызмат көрсөтүүчү ишканалар үчүн чыгымдарды ажыратып бөлүү катары жумушчу күчкө чыгымдар, айыл чарба товарларын ташууга/жеткирүүгө, упаковкалоого, сатууга байланышкан баардык чыгымдар, жана жабдуулар үчүн жетпей жаткан сарптоону жабуу үчүн өздөрүнүн каражаттары жана долбоор менен жабылышы мүмкүн болбогон суралуучу каражаттар кириши мүмкүн.

Арыз ээлери арыздарында өзү кошуучу салымдын белгиленип жаткан өлчөмүн көрсөтүү менен өз салымдарын демонстрациялашат.

## Алгылыктуу талапкерлер:

Конкурска катыша алуучулар: Ош облусунда айыл чарба жана тамак-аш өнөр жайы чөйрөлөрүндө иштеген, тийиштүү юридикалык каттоодон өткөн уюмдардын жана жеке ишкерлердин баардык түрлөрү, анын ичинде: жеке ишкерлер, кооперативдердин, фермердик топтордун, ЖчКнын, ассоциациялардын жана союздардын, ошондой эле бейөкмөт уюмдар менен фонддордон башка уюмдардын ар кандай түрлөрү.

Натыйжалуу өнөктөштүк инвестициялык программаны жана иш-чаралардын иретин аныктайт, булар өнөктөштүк жөнүндө конкреттүү сунуштар менен аныкталат.

## Арыздарды кабыл алуунун жана консультациянын дареги:

**Агробизнестин атаандаштыкка жарактуулук борбору (ААЖБ):**

**ААЖБнын Ош шаарындагы региондук офиси:**

**Ош ш., Ленин көчөсү 221, 2-кабат, № 28 кабинет**

**Тел: +996 (770) 817 817, Колл центр +996 (770) 88-70-00 +996 (228) 028 083**

**Бишкек ш., Чүй проспекти 114, 720040, № 308 кабинет.**

**Тел: +996 (312) 62 38 85; 62 39 11**

**E-mail: info@agromarket.kg копия: mamatkulov@agromarket.kg**

Маанилүү маалымат

# 2025-жылдан баштап колдонуучуларды эмне күтөт? Жеке маалыматтарды пайдаланууга байланышкан статистикалык маалыматтарды берүү боюнча маанилүү өзгөртүүлөр

**Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитетинин Ош облустук статистика башкармалыгы (Ош ОСБ) расмий статистика колдонуучуларын 2025-жылдын 1-январынан тарта күчүнө кире турган маанилүү өзгөртүүлөр жөнүндө кабарлайт.**

**Бул өзгөртүүлөр Статистикалык бирдиктердин бирдиктүү мамлекеттик регистри (СББМР) маалымат базасындагы юридикалык жактар, жеке ишкерлер жана дыйкан (фермер) чарбаларга тиешелүү.**




## 2025-жылдан тарта кандай өзгөртүүлөр күчүнө кирет?

«Расмий статистика жөнүндө» мыйзамдын 37-беренесинин 4-бөлүгүнө ылайык, 2025-жылдын 1-январынан тарта Ош ОСБ тарабынан төмөнкү маалыматтар суранычтар боюнча берилбейт:

1) жеке ишкердин фамилиясы, аты, атасынын аты (бар болсо) же юридикалык жактын толук, кыскартылган (бар болгон учурда) аталышы;

2) ишканалардын, уюмдардын жана жеке ишкерлердин жалпы идентификациялык коду (ОКПО);

3) юридикалык дареги (жайгашкан жери);

4) телефон жана факс номерлери, электрондук дареги.

Бул өзгөртүүлөр жеке маалыматтарды коргоо боюнча мыйзамдарды сактоо, ошондой эле расмий статистика менен иштөөнү оптималдаштыруу максатында киргизилүүдө. Маалыматтарды берүү мыйзамдын түз ченемдери менен каралган учурларда гана жеткиликтүү болот.

## Бул эмне үчүн маанилүү?

Буга чейин юридикалык жактарды жана жеке ишкерлерди мамлекеттик каттоо милдеттери юстиция жана салык кызматтарына өткөрүлүп берилсе дагы Ош ОСБ СББМР маалымат базасынан маалыматтарды берип келген. Жаңы чектөөлөрдүн киргизилиши менен мыйзам Улутстатком 2025-жылдын 1-январынан тарта физикалык жана юридикалык жактардын суроо-талаптары боюнча белгилүү бир маалыматтарды берүүнү токтотууга милдеттендирет.

Бул өзгөртүүлөр жеке маалыматтарды коргоо боюнча прогрессивдүү мыйзамдардын талаптарына ылайык келет жана алардын таралышын жана колдонулушун көзөмөлдөөнү жакшыртууга багытталган.

Ошентип, Ош ОСБ жеке маалыматтарды коргоону жана аны берүүнүн ачык-айкындыгын жөнгө салуучу мыйзамдарга так ылайык иш алып барат.

## Бул расмий статистиканы колдонуучуларга кандай таасир этет?

2025-жылдын 1-январынан тарта жеке ишкердин фамилиясы, аты, атасынын аты, ОКПО коду, юридикалык дарек жана байланыш сыяктуу маалыматтардын суроо-талаптары Ош ОСБ тарабынан аткарылбайт. Бул маалыматтар ачык мыйзамдуу негиздерсиз колдонуу үчүн жабык бойдон калат. Зарыл болсо, колдонуучулар өздөрүнүн ыйгарым укуктарынын чегинде каттоо маалыматтарын алуу үчүн юстиция органдары же салык органдары сыяктуу тиешелүү органдарга кайрыла алышат.

Ош ОСБ бардык мыйзам талаптарын сактоо менен жана анын ишинин ачык-айкындуулугун камсыз кылуу менен расмий статистиканын сапатын жана жеткиликтүүлүгүн жогорулатуу боюнча иштерди улантат.

Жарыялар

## Жараксыз деп табылсын

Ош Мамлекеттик Университетинин 2006-жылкы бүтүрүүчүсү Мухаммад Рашид Аббаска таандык болгон № СД 060105009, каттоо № 4330 сандуу дипломдун түп нускасы жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.

XXX

Ош айыл-чарба техникумунун ветеринария адистигинин 2020-жылкы бүтүрүүчүсү Акматбеков Сыймык Акматбековичке таандык болгон № УС 200084978 сандуу дипломунун түп нускасы жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.

XXX

Калмуратов Алымбек Кудайбердиевичтин атына берилген Бексултан базарынын № 23 –контейнеринин документи жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.

Канатбек уулу Алтынбектин атына берилген келечек базарында 1-катар 28-контейнердин документтери жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.

XXX

Ош педагогикалык окуу жайы тарабынан 1986-жылы Мийзаева Марзия Токторбаевнага берилген ИТ № 140377, каттоо №4268 сандуу дипломдун түп нускасы эки барак тиркемеси менен жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.

XXX

В связи с утерей бланки для разрещения грузоперевозок (дозвол) ИП Кожокматова Жумабая Абдилахатовичу.

1. 3-х стран № 3972 считать не действительным.

XXX

Бекташев Жоомартбек Урбайевичке таандык ИНН 20106197601523 болгон жарандык паспорту жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.

XXX

1994-жылы Көк-Жаңгак шаарындагы № 71 техникалык училищеси тарабынан Бекташев Жоомартбек Урбайевичке берилген дипломдун түп нускасы жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын

XXX

2016-жылы Кыргыз Өзбек Университетинин медициналык колледжи тарабынан Малик кызы Азизага берилген № УС 160234564, каттоо № 43 болгон дипломдун түп нускасы 2 барак тиркемеси менен жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.

XXX

Эркин уулу Алмазбекке таандык жеке номери 21607199900176, категориясы B-B1-C-C1 болгон айдоочулук күбөлүгү жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.

XXX

Ош жогорку технологиялык колледжи тарабынан 1993-жылы Муратбеков Талайбек Дыйкановичке берилген ФВ-I №126844 сандуу дипломдун түп нускасы жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.

XXX

Тенгизбаева Абидахан Айдаралиевнага таандык ИНН 12510197000649 болгон патент күбөлүгү жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.

Билим

# АТА-ЭНЕЛЕР ЖАНА ИШ БЕРҮҮЧҮЛӨР МЕНЕН БАЙЛАНЫШ БЕКЕМДЕЛҮҮДӨ

Ош технологиялык университетинде окуу бөлүмүнүн практика жана карьера борборунун иш планынын негизинде технология жана жараты-лышты пайдалануу институтунун жеңил өнөр жайынын технологиясы ка-федрасы менен биргеликте «Заманбап бүтүрүүчү» аттуу тегерек стол уюшту-рулду. Аталган иш-чарага иш берүүчүлөр, ата-энелер, университеттин окуу иштери боюнча проректору Мамытов У.Ж. окуу бөлүмүнүн башчысы Аб-дуллаев У.Д., сапат бөлүмүнүн башчысы Азимова А., практика бөлүмүнүн башчысы Ибраева М., технология жана жаратылышты пайдалануу инсти-тутунун директору Тешебаева З.А. жана жеңил өнөр жайынын техноло-гия-сы кафедрасынын профессордук-окутуучулук курамы катышышты.



Тегерек столдо төмөнкү маселелерге талкуу жүргүзүлдү:

1. Адистерди даярдоодо иш берүүчүлөрдүн активдүүлүгү жана аны күчөтүү жолдору;

2. Заманбап адистиктерге иш берүүчүлөрдүн койгон талабы;

3. Бүтүрүүчүнүн даярдоо сапатын жогорулатууда иш берүүчүнүн орду;

4. Бүтүрүүчүнүн даярдоонун сапатын жогорулатуу боюнча кафедранын иш-аракети;

5. Кафедранын окутуучулук курамынын квалификациясын жогорулатуу боюнча алдыңкы ишканалардын өкүлдөрүнүн сунуштары;

6. Кафедранын материалдык-техникалык базасын жогорулаттуу боюнча иш берүүчүлөрдүн сунуштары;

7. Компетенттүү бүтүрүүчүлөрдү даярдоодо ата-эненин орду;

Тегерек столдо Ош шаарынын жана Ош облусттынын жеңил өнөр жай ишканаларынын жетекчилери тарабынан бир канча сунуштар айтылды:

1. Билим берүү программасына жаңы таалимдерди киргизүү-технолог, конструктор, өндүрүштү башкаруу, мобилиограф, таргетолог, заманбап тигүү жабдууларынын механиги жөнүндө сунуштар айтылды.

2. Өндүрүшкө керектүү болгон квалификацияны жогорулатуу боюнча кыска мөөнөттөгү окуу курстарын уюштурууну сунушташты.

Өндүрүштөгү адистер өздөрүндөгү болгон практикалык тажрыйбасын бөлүшүүгө даярдыгын билдирди. Ошондой эле, иш берүүчүлөргө, ата-энелерге сөз берилип, окуу пландар талкууланды.

Эскерте кетсек, окуу бөлүмүнүн практика жана карьера борбору тарабынан студенттерди практикага, стажировкага жана жумушка орноштуруу жумуштары дайыма аткарылып келет.

***Асылзат Эргешова, ОшТУнун басма сөз катчысы.***

# УЛУУ ТАЛАНТ УНУТУЛБАЙТ

Кыргыз журтчулугуна аттын кашкасындай таанымал талантуу обончу Кыргыз Республикасын эмгек сиңирген артисти Рыспай Абдыкадыров өткөн жыйырманчы кылымдын экинчи жарымынын алтымышынчы жылдарынын башынан Кыргыз журтчулугунун музыка дүйнөсүнө өзгөчө таланты менен обон музыкалык жанырына алгачкылардан болуп чыйыр салган. Анын талантынын тубаса экендиги чыгармачылыгынын өзгөчөлүгүнөн байкалып турат. Ошол алтымышынчы жылдардын башында эч кандай музыкалык сабаты жок жаш эми гана орто билимге ээ болгон обончу маданият,музыка чөйрөсүнө таасирленген кызыгуусу Кара Кулжа районундагы 1-Май айлындагы Токтогул атындагы орто мектебинин акыркы класстарында окуп жүргөндөн эле байкалгандыгын,анын жанында кошо жүргөн курбу курдаштары айтып калышар эле.Талантуу обончу ички жан дүйнөсүндө тынчтык бербей уйгу туйгу болгон талант дүбүртүнүн сапарын узака таштоо максатында ошондогу Мырза-Аке районунун маданият үйүнө кызматка орношот. Рыспай ал жерден Кыргыз журтчулугуна таанымал музыкант Мамат Оморовдун колунда Мырза-Аке элдик театрында иштөө менен алгач баян тартууну, кийин аккардиондо ойноону үйрөнөт. Ошол жылдары музыка дүйнөсүндө обон жаныры элдик мотивде болсо жеке өзүнө таандык обондору менен Кыргыз журтчулугуна таанылган обончулар жок эсе болчу. Ошол алтымышынчы жылдардын башында музыкалык билим сабатынын жоктугуна карабай Рыпай Абдыкадыров өзүнүн "Кара Шоро", "Койчунун Ыры", "Түгөйүм", "Алмашым", "Кыздын Сыры", "Ой Ботокөз" сыяктуу обондорун биринин артынан бирин байма бай чыгарууга жетишет. Аталган ырларды чыгарууда улуу талант музыкалык сабаттуулугунун жоктугуна карабай элге жагымдуу жана уккулуктуу жаратканына өзү да ишене бербчүү эмес тура. Алгачкы ырлары эл арасында ушунчалык тездик менен сүймөнчүлүкө, угумдуулука ээ болгонун азыр да андан бери алтымыш жылдан ашык убакыт өтсө да күнү күнкүдөй угумдуу экендигин тануга болбойт. Талантуу обончу музыкалык





билим алуу аба менен суудай керек экендигин сезген соң билим алуу максатында Ош мамлекеттик педагогикалык институтунун музыкалык факультетине окууга тапшырат. Анын талантынын чыгармачылык доору ушул окуу жайдан гүлдөө жолуна түшөт. Рыспай Абдыкадыровдун чыгармачылыгындагы алтын доору музыкалык билим алууга шайкештелгендиги менен гүлдөп өскөндүгүн залкар талант көзү тирүү мезгилинде эле тастыктап койгон экен. Көп жылдар чыгармачылык менен эмгектенүүсүн айкалыштыра Кыргыз журтчулугуна жүздөгөн обондорду тартуулагандыгы анын күбөсү болуп турбайбы.

Анан калса обондорунун укулуктуулугу ырларынын тексттеринин мааниси шайкештелгени менен өзгөчө угармандардын табитинде бааланып келгендиги азыр да ырасталып тургансыйт. Талантуу обончунун аалам салганына отуз жылдан ашып баратса да анын ырларынын угармандары жыл сайын байып келүүдө. Көрсө "ырдын при Рыспай" деп бекеринен айтылган эмес экен. Жыл санап анын ырларынын уккулуктуулугу жаңы табиттер менен бааланып келүүдө. Рыспайдын обондорун ийине жеткире аткаруучулардын жоон тобу өсүп чыккандыгы да баарыбызга маалым. Жыл сайын анын туулган 12-январь күнүндө обончунун ырларын баалап барктоочулар чогулуп жер жерлерде экерүү күнүн өткөрүп келишет. Быйыл да талантуу обончу өзү жашап чыгармачылык менен жүрөгүнүн акыркы согуума чейин алпурушкан чыгаан музыканты эскерүү ордолуу Ош шаарында өзүнүн ысмын алып жүргөн Р. Абдыкадыров атындагы филармониянын алдындагы тургузулган эстелигине Рыспайдын талантын баалагандардын жана жоон топ коомчулуктун өкүлдөрүнүн гүл коюсу менен башталды. Анын айкелинин алдында коомчулуктун катышуусунда обончуну баалаган ар тараптуу асыл ойлору ырларынын баа барктуулугу жөнүндө татыктуу пикирлердин коштоосунда жыйын болду. Андан соң филармониянын концерт тик залында ар кыл музыкалык инструментердин, оркестрдин коштоосунда Рыспай Абдыкадыровдун обондору угармандардын узакка созулган кол чабуулары нын коштоосунда жаңырды.

**Маматибраим Артыков,**
**Кара-Кулжа кайрыктары коомдук фондунун жетекчиси.**

# Айта берсе, сөз түгөнбөйт го, ов!

**Анын ысмы Ош филармониясына, Кара-Кулжадагы музыкалык окуу жайына жана Оштогу ири көчөгө ыйгарылган. 1997-жылы 12-январда Сулайман-Тоодогу ырчынын бейитине эстелик коюлуп, кийин Ош филармониясынын алдына эстелиги орнотулган. Ырдын пири Рыспай Абдыкадыров көзү тирүү болсо 84кө чыкмак… Ал жөнүндө айта берсе, сөз учугу түгөнбөйт го, ов!**

**Рыспай агабыздан арабыздан кеткенине отуз бир жыл өтсө да, ал жөнүндө айтылган эскерүүлөрдүн, сөздөрдүн баа-барк улам жогорулап, анын кадыр-баркы улам жогорулай берет окшобойбу…**

## Кайталангыс талант болчу



Бишкекте жүргөндө белгилүү тележурналист, Кыргыз Республикасынын маданиятына эмгек сиирген ишмер, котормочу, жазуучу Бөкөнбай Боркеевдин бир тууган эжеси Батма апа менен кошуна жашоочубуз. Ошондуктан Бөкөнбай ага менен жакшы тааныш элек. Көп жерде бирге жүрүп, бирге туруп, узакка чейин маектешип калчубуз. Маркум Б. Боркеев Рыспай Абдыкадыров дегенде ичкен ашын жерге койгон жан болчу. Рыспай аке жөнүндө сөз баштасаң болду, анын аягы чай кайнамды мындай кой, эт бышканча чейин бүтчү эмес...

-Кыргыз музыкасын Атай Огомбаев, Муса Баетов сыяктуу залкарлардан кийин Рыспай Абдыкадыров жаңы серепе чыгаргандыгы айтылып жүрөт. Ыкшоолугубузбу, же көрөңгөбүз, түшүнүгүбүз жете бербейби, айтор, көпчүлүгүбүз Рыспайдын обондору алда канча татаал экендиги тууралуу көп айтпай келебиз. Рыспайдын «Түгөйүм» аттуу обонунан баштап, «Сагынууга» чейинки обондорун кунт коюп уксак атактуу обончунун өмүрү чыгармачылык изденүү менен өткөндүгүн түшүнөсүң. «Түгөйүм» бир добуштан экинчи добушка өтүү мүнөздөгү кичинекей кайрык менен чектелсе да, аны аккердеондо кооздоп ойногон түзүлүштөгү обонду пайда кылса, андан кийинки обондору улам татаалдашып чыккан.

Музыка изилдөөчүлөрдүн тили менен айтканда Рыспайдын обондору минордук ладда болгондуктан, анын ырларын каалаган эле адам аткара албайт. Ырдаса да өзү сыяктуу кемелине келтире албайт.

-Жараткан кыргызга кайталангыс таланты берген болчу, анын обондорун бүтүн кыргыз баалап турса да, ошол кездеги караөзгөй атка минерлер тарабынан бут тосуулар болгон, - деп кейип алып, кайра сөзүн уланчу, - Ошто бир чоңдун тою болуп, ага Рыспай Абдыкадыровду чакыртып ырдатышат. Дасторконго эт келип калган маал окшойт, Рыспайдын ырына анчейин көңүл бурулбай калат. Ага ачуусу келген обончу тойду таштап бараткада чоңдордун кошаматчылары «токто, токто» деп чуркап келишет. Композитор артына бурулбай чыгып кеткен экен.

Көпчүлүктүн көзүнчө бедели сынып калган баягы партиялык чоң Рыспайга көз көрүнөө эле бут тосондугун улуу муундагылар жакшы билет. Ошол кезде жаралган обондорун ичинен 20сы эле радиого жазылыптыр. Рыспай Бишкекке келген сайын бирден, экиден телерадиого жаздырып отуруп, мен анын баш-аягы кыркка жакын обонун жазып алгам.

Сөз аягында Боркеевден:

-Бөкөнбай аке, тааныштарыңыз сизди «Рыспай» деп аталган көлөмдүү роман жазган деп калышат. Ошол китептин тагдыры эмне болду?-деген суроо узаткамбыз. Анын кабагы бүркөлө түшүп:

-Бишкектеги полиграф комбинат 2005-жылы 592 беттен турган «Рыспай» аттуу романымды 2000 нускада насыяга басып чыгарган болчу. Бирок ошол кездеги чоңдор полиграфкомбинатты атайын банкроттко учуратып, «Рыспайдын» 1500 нускасын «Промстройбанкка» күрөөгө кармата беришет. Максим Бакиевдин командасы ал банктын ордуна «Азияуниверсал» деген банкты түзүп, күрөөдө турган китеп тууралуу мага эч ким эч нерсе айткан жок,-деп жооп берген.

Бөкөнбай Боркеев 2017-жылы 10-майда каза болуп, сөөгү Байтикте жерге берилди. Анын зыйнатына катышкандар жазуучунун «Рыспай» аттуу романынын сурамжылап көрдүк. Аны так билген адам болгон жок, романдын кийинки тагдыры баарыбыз үчүн белгисиз бойдон калды.

## «Рыспай акедей болуп катуу чыккан обончу жок»

Кезинде Рыспай агабыз менен ага-ини болуп жүргөн композитор, Кыргыз Эл артисти Түгөлбай Казаков: «Рыспай Абдыкадыров эч кимге окшобогон оргиналдуу композитор. Ал музыкант гана эмес, торгойдун үнүндөй кубулжуган ырчылыгы, аккордеондо мыкты ойноо өнөрү, обонго тексттерди төп тандоо кудуреттүүлүгү менен айрымаланган. Андай-мындайга айнып кеткен жок. Ушул бир гана өнөрдүн артынан түштү. Анын өтөсүнөн чыкты. Эми Рыспай акедей болуп кийинки отуз-кырк жылда катуу чыккан обончу болгон жок. Өнөрдүн сересинде булбул болуп сайрап турган мындай кишини табыш да кыйын»



деген баасын берген.

Түгөлбай Казаковдун «Эгерде Рыспай Шопен, Шуберт сыяктуу музыкалык билим алганда дүйнөлүк атактагы композитор борлоорунаан шек жок эле, Себеби Рыспайдын фантазиясы бай, жан дүйнөсүнүн баары муза ээлеп алган адам болчу» деген сөзүн көп угуп жүрөбүз.

## Чет элдик музыканттар да кызыгып жүрөт



Жалал-Абадда уюштурулган эл аралык деңгээлдеги Рыспай Абдыкадыров атындагы клубдун жетекчиси Султан Борошовдун айтуусунда Рыспай Абдыкадыровдун обондоруна чет элдик музыканттар да кызыгып жүрөт. Анын «Сагынуу» обонунун негизинде америкалык Антонио Пааш аттуу дирижер 4 бөлүмдөн турган 45 мүнөттүк симфонияга айланткан.

Рыспай Абдыкадыровдун обондорун ырдап жүргөн аткаруучулар өздөрү баса бергилеп көрсөтүшкөндөй анын ырлары өзгөчө үндү, өзгөчө ыкманы, өзгөчө чеберчиликти талап кылат.

**Материалды даярдаган: Төлөнбай АБДЫРАЗАКОВ.**